**ОПРЕДЕЛЕНИЕ**
**КОЛЛЕГИИ СУДЕЙ КОНСТИТУЦИОННОЙ ПАЛАТЫ**
**ВЕРХОВНОГО СУДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# Жаран Жакшыбай Асановдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2017-жылдын 13-марты                                        Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы төмөнкү курамында: А.О.Нарынбекованын, Ж.И.Саалаевдин, К.Абдиевдин жана катчы С.А.Джолгокпаеванын катышуусунда жаран Жакшыбай Асановдун кайрылуусун карап, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Жаран Ж.Асанов 2017-жылдын 7-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына өтүнүч менен кайрылып, анда Каракөл шаардык мамлекеттик архивинин 2013-жылдын 31-октябрындагы № 267 маалым катын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыксыз деп таап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн расмий түшүндүрмө алууну жана башка суроолорду тактоону суранып кайрылган.

Жаран Ж. Асанов, ай сайын айлык акыга кошумча пайыздык төлөм алууга укук берүүчү Кыргыз Республикасынын жетүүгө кыйын жана алыскы аймактарында жашаган иш стажын аныктаган комиссиялардын

чечимдеринин көчүрмөлөрүн архивден сураган. Бирок, комиссиялардын чечимдеринин көчүрмөлөрүнүн ордуна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 3-июлундагы №425 токтомунун редакциясына карама-каршы келген Каракөл шаардык мамлекеттик архивинин 2013-жылдын 31-октябрындагы №267 маалым катын беришип, кайрылуучунун иш стажын жасалма азайтып коюшканын жаран Ж.Асанов белгилейт.

Ошону менен бирге, арызданууучу аталган комиссиянын кылган иштери Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3, 4-бөлүктөрүнө, 6-беренесинин 1, 2- бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнө, 23-беренесинин 1-бөлүгүнө, 33- беренесинин 4, 5-бөлүктөрүнө, 39, 41- беренелерине жана 90-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келгенин маалымдайт.

Ошондой эле Ж.Асанов, Өкмөт менен Премьер-министр Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 88-беренесинин 1-бөлүгүнө, 89-беренесине, 90-беренесинин 1, 2- жана 4-бөлүктөрүнө каршы жогоруда аталган токтомдун аткарылышын камсыздашпагандыктан, токтом иштебей, анын Кыргыз Республикасынын бүткүл аймактарында милдеттүү түрдө аткарылбай калышы Каракөлдүк миңдеген эмгекчилердин укуктарынан ажырап жана кошумча төлөмдүн тийиштүү акчасын ала албай, өмүр бою алданып калышына өбөлгө түзүлөт деп белгилеген.

Судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде, ишти текшерүү жүргүзгөн судья А.О. Нарынбекованын маалыматын угуп, кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, өтүнүч боюнча төмөнкүдөй тыянакка келет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өзүнүн сот өндүрүшүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө»

конституциялык мыйзамдын 18-беренесине ылайык, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келген учурда аларды конституцияга ылайык эмес деп табуу жөнүндө, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берүү, Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбооруна корутунду берүү жөнүндөгү иштерди гана карай алат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өзүнүн 2014-жылдын 15-январындагы чечиминде, ченемдик укуктук акт - бул ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компентенциясынын чегинде, мыйзам тарабынан белгиленген тартипте кабыл алынган (чыгарылган), жүрүм-турумдун, аныкталбаган адамдар жана жактар чөйрөсүнө жана көп ирет колдонулушуна багытталган жалпыга бирдей эрежелерин камтыган жазуу түрүндөгү укуктук акт экендигин аныктаган.

Бул тартип боюнча мамлекеттик бийликтин ыйгарымдуу органы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же кызмат адамы тарабынан чыгарылышы, жана анда адамдардын аныкталбаган чөйрөсүнө милдеттүү болгон, көп жолку колдонууга эсептелген, коомдук мамилелерди жөнгө салууга же колдонулуп жаткан укуктук мамилелерди өзгөртүүгө же токтотууга багытталган укуктук ченемдердин (жүрүм-турум эрежелери) болушу ченемдик укуктук актыны мүнөздөөчү маанилүү белгилери болуп саналат.

Ал эми, каралып жаткан кайрылууда аталган Каракөл шаардык мамлекеттик архивинин 2013-жылдын 31- октябрындагы №267 маалым каты өзүнүн мүнөздөмөлөрү боюнча ченемдик укуктук акт болуп саналбайт. Ушул себептен кайрылууда коюлган маселелер Кыргыз

Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарынын алкагында каралышы мүмкүн эмес.

Ошондой эле Ж. Асановдун кайрылуусу «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 25-беренесинде көрсөтүлгөн жалпы талаптарга ылайык келбейт. Кайрылуунун негиздери, ырастаган жагдайлары, тиркелген документтердин тизмеги жана мазмуну жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамга негизделбей, өз алдынча жазылган.

Жогорудагылардын негизинде «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран Жакшыбай Асановдун кайрылуусу кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар кайрылуучуга кайтарылып берилсин.
3. Аныктама Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанылышы мүмкүн.

**Судьялар коллегиясы:** **Нарынбекова А.О.**

**Саалаев Ж.И.**

**Абдиев К.**

**№** 14-0